**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**САЙДЫКУМ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**САЙДЫКУМСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ №6

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги XIII сессиясы**

**02.02.2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

## Сайдыкум айыл аймагындагы ички чарбалык ирригациялык тармагын мамлекеттик суу чарба башкармаларына өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №207 токтому боюнча Базар-Коргон райондук комиссиясынын тактоо актысынын негизинде, Сайдыкум айыл аймагынын “Сайдыкум Айыл чарба” муниципалдык ишканасы тейлеп келген Тойчубек-Чек, Кызыл-Ай, Аркалык, Жаш-Ленин, Чоң-Курулуш, Турпак-Коргон айылдарындагы ички чарбалык каналдарды Базар-Коргон райондук суу чарба башкармалыгынын карамагына жана Дөш, Хажир-Абад, Жаңы-Абад, Чек, Дүкүр айылдарынын ички чарбалык каналдарды Жалал-Абад башкы суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүү боюнча маселени угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Сайдыкум айыл аймагындагы ички чарбалык ирригациялык тармагын жогоруда аталган мамлекеттик суу чарба башкармаларынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Р.Жолдошовго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык Кеңешинин өнөр-жай, курулуш, транспорт, агрардык жана азык-түлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.А.Анарбаев**